КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

---

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз IX сессиясы**

**Токтом №01-5/ 53**

Сүлүктү шаары 28.11. 2025ж.

**Сүлүктү шаарынын ичинде Товарная - Кош Булак маршруту боюнча жүргүнчүлөрдү ташуу тарифин бекитүү жөнүндө**

Товарная - Кош Булак маршруту боюнча жүргүнчүлөрдү ташууга тарифтерди бекитүү жөнүндө шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 11-1 пунктун, Кыргыз Республикасынын «Автомобиль транспорту жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 23-сентябрындагы №519 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун Эрежелеринин 166 беренесин жетекчиликке алып Сүлүктү шаардык кеңеши:

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын ичинде Товарная - Кош Булак маршруту боюнча жүргүнчүлөрдү ташуу тарифи төмөнкүдөй өлчөмдө бекитилсин.

-Улууларга – 30 (отуз) сом

-7 жаштан жогорку курактагы балдар үчүн 20 (жыйырма) сом.

2. Бул токтом расмий булактарга жарыялансын ( мэриянын жана шаардык кеңештин расмий сайтында, шахтер жолу гезитинде).

3. Жооптуу катчы бул токтомду каттоодон өткөрсүн жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облаттык юстиция башкармалыгына жөнөтсүн.

4. Маршруттук каттамдардын техникалык, санитардык абалын талапка ылайык болуусун камсыз кылуу жагы "Тулпар" ЖЧКнун директору Т.Каюмовго милдеттендирилсин;

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Б.А.Абдуназаров